КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОҢ РАЙОНУ
АК-ТЕРЕК АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
АК-ТЕРЕК

---

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VII чакырылышындагы VI кезексиз сессиясы**

# ТОКТОМ

2024-жылдын 15-июлу №49 Кара-Коо айылы

**Дөң-Талаа айылындагы "Дөң-Талаа таза суу" ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмесинин ремонттоо иштерине жана калган айылдарга таза суу боюнча көйгөй чыкса акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын сунушун угуп жана талкуулап, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Дөң-Талаа айылындагы "Дөң-Талаа таза суу" ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмесинин таза суу скважинасына насос алууга 150 000 (жүз элүү миң) сом акча каражаты каралсын жана калган айылдарга таза суу скважиналарындагы күйүп кеткен насосторду алмаштырууга 350,0 миң сом акча каражаты каралсын.

2.ЖКХнын 31121290 беренесине техника алуу үчүн 2024-жылдын 1-январына калган калдыктан каралган 3161,1 миң сом акча каражатынан 500,0 миң сом акча каражаты ЖКХнын 31122290 беренесине жылдырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык бөлүмүнүн башчысы К.Абдыраевге милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Р. Молдобаевага тапшырылсын.

Төрага Б.Б. Барыктабасов